**Ош мамлекеттик университетинин**
**Чыгыш таануу институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2023-2024-окуу жылындагы отуруму**
**№ 5-токтом**

**29.02.2024-ж.** **Ош шаары**

1. **Төрага -** Бөтөнөев Ж.С., Чыгыш таануу институтунун директору;
2. **Катчы -** Таирова А.Ш.;
3. **Катышуучулар:** ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү жана профессордук-окутуучулук курамы. (Каттоо баракча жана иш-план тиркелет).

**Күн тартиби:**

1. 2023-2024-окуу жылынын I жарым жылдыгы боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавриат күндүзгү жана магистратура программалары боюнча) **(Директордун илимий иштер боюнча орун басары, программа жетекчилери).**
2. Директораттын иштерин уюштуруунун абалы **(Комиссия)**
3. Ар түрдүү маселелер.

Окумуштуулар кеңешинин отурумун Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев ачып, күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды. Институттагы 2023-2024-окуу жылынын I жарым жылдыгы боюнча сессиянын жыйынтыгы бакалавриат күндүзгү жана магистратура программалары боюнча директордун окуу жана илимий иштер боюнча орун басары Бердибек уулу Чыңгызга сөз берилди.

**1-маселе. Угулду:**

**Сөзгө чыкты:** 2023-2024-окуу жылынын I жарым жылдыгы боюнча сессиянын жыйынтыгынын сандык жана сапаттык көрсөткүчү боюнча эсеп кысабынын баяндамасын берди. Ал баяндамада жалпысынан институттагы студенттердин контингенти 184 студент бакалаврда жана 31 студент магистратурада окуп жаткандыгын маалымдады. Сапаттык көрсөткүч боюнча дээрлик 50% дан түшүп кеткен көрсөткүч катталбагандыгын белгиледи. Ошондой эле 2023-2024-окуу жылынын I жарым жылдыгы боюнча сессиянын жыйынтыгынын сандык жана сапаттык көрсөткүч боюнча Чыгыш таануу институту II орунда экендигин айтты. Окуу жараянын башкарууда окуу планына таянып, семестровка боюнча расписаниелер коюлгандыгын белгиледи. Жазгы семестрге өтүүдө 15 студент тикеленген жана анын ичинен 3 студент февраль айынан отургузулганын маалымдады. Окуудан четтетилген студенттердин саны 26 студент келишим акы төлөбөгөндүгүнө байланыштуу жана университет менен байланышты үзгөндүгү себептүү четтетилгендигин айтты. Студенттердин контингентинин көрсөткүчү;

- Сентябрь 222 студент
- Октябрь 229 студент
- Азыркы тапта 212 студент экендигин кошумчалады.

**Сөзгө чыкты:** Чыгыш таануу институтунун чыгыш таануу кафедрасынын окутуучусу Мамаибраим кызы Ыкыбал бүгүнкү тапта аудиториялардын техникалык жабдууланышы жана камсыздоо боюнча иш аракеттердин жыйынтыгын сурады.

**Жооп:** Директордун окуу жана илимий иштер боюнча орун басары Бердибек уулу Чыңгыз аудиториялар толугу менен техникалык жабдууланган жана мында, 5 проектор, 2 кондиционер, 2 телевизор жана компьютерлер менен камсыздалгандыгын кабарлады.

**2-маселе. Угулду:** Директораттын иштерин уюштуруунун абалы боюнча Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев кийинки отурумга калтырууну сунушка койду. Анткени, башкы корпустан Сапат департаментинин курамындагы комиссиянын иш-аракети жыйынтыкталып, натыйжасын бере электигине байланыштуу жылдырууну колго салды. Чыгыш таануу институнун окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн бир добуштан макулдугу менен кийинки отурумга калтырылды.

**3-маселе. Ар түрдүү маселелер. Угулду:** Чыгыш таануу институнун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев Окумуштуулар кеңешине төмөндөгү окутуучулардын китептери талкууга коюлуп, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо үчүн окутуучулардан арыздар түшкөндүгүн билдирди:

1. Чыгыш таануу кафедрасынын профессору, Б.К.Абытов **"Ош мамлекеттик университетинин 2.0 моделиндеги университеттен 3.0 жана 4.0 моделиндеги университетке трансформацияланышы" (Мааракеден маарекеге чейинки ийгиликтери)** кыргыз жана орус тилендеги китеп;
2. Б.К.Абытов **"Кара кыргыз автономиялуу областы кеңеш доорундагы улуттук мамлекеттин кайра жаралуусунун башаты (ККАОнун 100 жылдык маарaкесине арналат)"** кыргыз жана орус тилендеги китеп;
3. Чыгыш таануу кафедрасынын доценти, Ж.С.Бөтөнөев Ош мамлекеттик университинин 85 жана Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнө 100 жылдыгына **"Кыргызстандагы куугунтук курмандыктары"** аталышындагы илимий монографиясы талкууга койду.

**Сөзгө чыкты:** Чыгыш таануу кафедрасынын кафедра башчысы, доцент Э.М Эркебаев жогоруда аталган илимий эмгектер биринчиден, кафедранын илимий сапаттык көрсөткүчү үчүн жана университеттин талаптарына карата иш-аракеттердин жасалып жаткандыгынан кабар берген иш-аракеттер экендигин белгилеп, ийгилик каалады жана кафедранын профессордук окутуучулук курамына баардыгы илимий иш-аракеттерди жогорулатууну баса белгиледи.

Күн тартибиндеги маселелерди **талкуулоо боюнча айтылган сунуш-пикирлерди эске алып**

**токтом кылат:**

1. Институтта 2023-2024-окуу жылынын I жарым жылдыгы боюнча сессиянын жыйынтыгы айтылган сунуш-пикирлерди эске алуу менен канаатандыраарлык деп табылсын;

2. Окумуштуулар кеңешине түшкөн окутуучулардын китептери Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын;

3. Чечимдердин аткарылуусу окумуштуулар кеңешинин **төрагасы** Чыгыш таануу институнун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөевге жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** т.и.к., доцент Ж.С.Бөтөнөев

ЧТИ
ЧЫГЫШ ТААНУУ ИНСТИТУТУ
INSTITUTE OF ORIENTAL STUDIES
IOS
ИНСТИТУТ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ